**№10 К.Абдразаков атындагы жалпы билим берүүчү мектебинин соцпедагогу Хасанованын 2021-2022 –окуу жылынын 1-чейрек ичиндеги аткарган иштери**

1.Окуу жылынын башында окуучулардын саны такталып, алардын социалдык абалдары такталып,класстардын соц.паспорттору жаңыланды.

2. Жаңы келген окуучулардын жашоо шарттары ,ыңгайлашуусу, жүрүм-туруму социалдык абалдары изилденди.

3.Инклюзив, турмуш-шарттары оор көйгөйлүү окуучулардын тизмеси такталды. Ата-энелер келишими баракчасы толтурулду. Инклюзив окуучулардын үйлөрүнө окутуу уюштурулду

4. Биздин мектепте окуган окуучулардын социалдык катмарлары :

Тоголок жетим- жок

Жарым жетим—33

Соц.жетим—52

Майып балдар—5

Инклюзив окуучулар--2

Куболугү жоктор—1

Ата-энеси экөөсү тең миграцияда жүргөн окуучул.саны –95

Мектеп ичинде учетто тургандар—7

5. 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата класстар арасында ачык сааттар , оозеки чыгармачылык боюнча конкурстар уюштурулду.

6.Ошондой эле 1- октябрь Карыялар кунунө карата Ардагер мугалимдерге чакан композициялык концерт уюштурулду. 7.Инклюзив окуучулардын үйлөрүнө окуу процессинин жүрушү боюнча обход жасалды.

7. Мугалимдер күнүнө карата парламент мүчөлөрү тарабынан мугалимдерге концерттик номер тартууланды.

8 .Окуучулар арасында ар түрдүү кылмыштуулуктардын алдын алуу максатында “Абийиринди жашыңдан сактаганын,адашып жаман жолго баспаганын” аттуу жумалыктын иш планын негизинде иш чаралар өткорүлдү. Окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша 1-11-класстардын арасында тарбиялык сааттар өткөрүлдү.

9. Ал эми 9-11-класстар арасында “Кылмыш жана жаза “ темасында дебат өткөрүлдү.

10 .8-11-класстардын окуучулары тарабынан мектеп рэкетине жол жок аттуу дубал газеталар конкурсу уюштурулду.

11 .Башталгыч класстар арасында “Мен бактылуу окучумун”деген темада сүрөт сынагы өткөрүлдү.

12.“Укук бузуу жана жоопкерчилик” аттуу темада 9-10-11-класстардын окуучулары менен ИДН кызматкерлеринин Таалайбек уулу Тилектин катышуусунда жолугушуу өткөрүлүп түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

13.24-октябрь куну мектепте откорулгон жалпы ата-энелер чогулушунда “Тарбиялоо процессиндеги ата-эненин ролу” деген темада доклад угулду,темага байланыштуу ата-энелердин ой пикирлери ортого салынды.

14. Жогорку класстын окуучулардын арасында «Кылмыштуулукка каршы» тушундуруу иштери жургузулуп,докладдар уктурулду.

15 .Класс жетекчилер тарабынан сабакты коп калтырган койгойлуу окуучулар иликтенди жана алардын уйлоруно обход жасалды.

16. 8-9-10-11-класстарынын арасында кылмыштуулукка каршы балдар кенешмеси жана кыздар кенешмелеринин жыйналыштары откорулду.

Мектеп директору У.А.Токтогулова

Соц.педагог: М.М.Хасанова

**№10 К.Абдразаков атындагы жалпы билим берүүчү мектебинин соцпедагогу Хасанова Мукарамдын 2021-2022-окуу жылынын II- чейрек ичиндеги аткарган иштери**

Бул чейрек ичинде жаны келген окуучулардын жашоо шарттары, ынгайлашуусу, жүрүм-туруму социалдык абалдары изилденди.

Айрым окуучулардын,көйгөйлүү окуучулардын , инклюзив окуучулардын үйлөрүнө организатор, класс жетекчилер менен обход жасалды. Өзгөчө көйгөй жараткан окуучулар болгон жок. 3-декабрь мүмкүнчүлүгү чектелген балдар күнүнө карата онлайн режимде класстар арасында чакан композициялык чыгуулар тартууланды, видеороликтер жасашты. Мугалимдер жамааты , демөөрчүлөр тарабынан майып балдарга акчалай жана таттуу шириндиктер, белектер тапшырылды. Ал эми 10-декабрь Адам укугу күнүнө карата тарыхчы мугалимдер тарабынан слайддар даярдалып уктурулду жана көрсөтүлдү. ИДН кызматкерлери менен байланышта болуп турдук. Ал эми жаны жылга карата окуучулардын аярлуу катмарларынын айрымдарына айыл өкмөтү тарабынан, райондук БББ тарабынан, демөөрчү мугалимдер тарабынан шириндиктер тартууланды. Биздин мектепте окуган аярлуу катмардагы окуучулар;

1. Тоголок жетим - жок
2. Жарым жетим - 33
3. Соц. Жетим-57
4. Өгөй ата, өгөй эненин колунда тарбияланган окуучулардын саны - 4
5. Майып балдар-6
6. Күбөлүгү жоктор (туулгандыгы тууралуу)- 1
7. Ата-энеси экөөсү тең миграциядак жүргөн окуучулардын саны----89
8. Мектеп ичинде учетто тургандар--- 7

Жогорку класстын окуучуларынын арасында Насвай, тамеки тартуунун, бангизаттарды пайдалануунун зыяндуулугу боюнча окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,биология мугалими Атамкулова С., Жорошева А. тарабынан доклад уктурулду.

Ноокен райондук билим берүү бөлүмү тарабынан 2021-жылдын 3-декабрындагы №27-7/4174 катынын негизинде жашы жете элек өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун ,зордук-зомбулукту алдын алуу максатында ИДН кызматкери Таалайбек уулу Тилекбек тарабынан окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. “16 күндүк зомбулуксуз жашоо”акциясы өз убагында өткөрүлүп, түзүлгөн иш-чаралардын негизинде тарбиялык сааттар өткөрүлдү.

1-декабрь “Бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү” күнүнө карата сүрөт конкурсу уюштурулуп, эң мыкты сүрөт деп Бадашова Элнуранын сүрөтү белгиленди.

Химия мугалими Жорошова Арзыкан “стоп СПИД” деген темада тегерек стол өткөрдү.

3-декабрь Майыптар күнүнө карата кайрымдуулук фонду уюштурулуп , ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулардын үйлөрүнө Усенов З. агайдын катышуусу менен барылып , белектер тапшырылды.

10-декабрь "Бүткүл дүйнөлүк адам укугун коргоо" күнүнө карата тарых мугалими Абдулазизова Гулчехра тарабынан доклад окулуп , слайд коюлду.Иш-чарага ИДНдин кызматкери Таалайбек уулу Т. , организатор Орозалиева катышты.

"Укук бузуу жана жоопкерчилик" аттуу темада 9-10-11-класстардын окуучулары менен ИДН кызматкери Таалайбек уулу Тилектин катышуусунда жолугушуу өткөрүлүп ,түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

16- декабрда жалпы ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, мектептин соцпедагогу тарабынан

" Ата-эненин балага болгон мээрими"аттуу темада слайд даярдалып,доклад окулду.Слайддын негизинде ата-энелер арасында талкуу жүргүзүлдү.

27-28-29-декабрь күндөрү мектеп окуучуларына жаңы жылдык майрамдык иш-чаралар уюштурулуп,жакшы маанай тартууланды.

Мектеп директору: Токтогулова У.А.
Соцпедагог: Хасанова М.М.

№10 К.Абдразаков атындагы жалпы билим берүү мектебинин соц. педагогу Хасанова Мукарамдын 2021-2022-окуу жылынын III чейрек ичиндеги жүргүзгөн иштери жөнүндө маалымат.

Өзүнөргө белгилүү быйылкы окуу жылынын башталышы жаны жылдын алгачкы күндөрүнөн башталды. Окуучулар жакшы маанайлар менен окуша башташты. Соц.педагогдун ишмердигинин негизги объектиси болуп кыйын кырдаалга кабылган балдар менен иштөө түрдүү социалдык катмардагы балдардын кызыкчылыктарын, жашоо мейкиндигине байкоо жүргүзүп укугун коргоо.

Жаны келген окуучулардын ынгайланышуусуна ар тараптуу колдоо көрсөтүү, албетте класс жетекчи менен биргеликте жүргүзүлөт. Ошол максатта III чейректин башталышынан окуучулардын социалдык абалы изилденип, өзгөрүүлөр соц.пасспорттун негизинде такталды. Анын негизинде мектепте окуган окуучулардын арасынан төмөнкүдөй аярлуу катмардагы окуучулар аныкталды:

1. Ата-энесинин камкордугунан толук ажырагандар ____жок
2. Ата-энесинин камкор. жарым жартылай ажыраган окуучулар ____33
3. Социалдык жактан камкордуктан ажырагандар ___57
4. Өгөй ата өгөй эненин колунда тарбияланган окуучулар ___4
5. Майып балдар ___6
6. Инклюзив окуучулар ____2
7. Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жоктор ____1
8. Ата-энеси экөө тен миграцияда жүргөн окуучулардын саны ____87
9. Ички миграцияда жүргөндөрдүн балдары ___2 4
10. Мектеп ичинде учётто тургандар ___6
11. ИДНде учётто тургандар____ жок.

Бул катмардагы окуучулардын ичинен айрыкча биз майып балдарга өзгөчө маани беребиз. Атайын окуулар уюштурулган жаны жылга карата мугалимдер жамааты тарабынан, айыл өкмөттөн колдон келишинче жардам көрсөтүлдү. Анын негизинде белектер, ширииндиктер жана акчалай жардам көрсөтүлдү. Мугалимдер тарабынан 3700сом топтолду, айрым мугалимдер 1000сомго чейин беришти. Ата-энелер тарабынан Мамадалиева Рахила аз камсыз болгон үй бүлөлөргө 5кгдан гүрүчтү 10 үй бүлөгө берди.

Муну менен катар окуучулар арасында кылмыштуулуктун алдын алуу максатында жалпы ата-энелер арасында эки жолу чогулуш өткөрүлүп, докладдар уктурулду.

ИДН кызматкерлери тарабынан кеп-кенештер берилди. Кыздар кенеши жана балдар кенештери өткөрүлүп, жүрүм-турум адептери боюнча талкуулар жүргүзүлдү. Албетте коомдун өзгөрүүсүнө байланыштуу окуучулардын күлк- мүнөзү жүрүм-туруму да өзгөрүп бaратат. Бул болсо биз педагогдор үчүн окуучулар менен жүргүзүлүүчү карым катнашта кыйынчылыктар жаратат.Ошентсе да мен суранаар элем, мугалимдер биз мындай кыйынчылыктарды женип келгенбиз, дагы да жигердүүлүк менен иштейбиз.

Дайыма окуучулардын ички дүйнөсүнө кирүүнүн жаңы ыкмаларына жандашып, толеранттуулук менен иштей бермекчибиз.Ошону менен бирге ар бир класс жетекчи өзүбүздүн окуучуларыбыздын жүрүм-турумун, абалын такай көзөмөлгө алып туруңуздар.